**Изилденүүчү теманын актуалдуулугу.** Качан саясатташкан дин саясий идеология гана эмес, ички дагы, дүйнөлүк дагы саясат үчүн күчтүү, натыйжалуу жана мобилдешкен күч кубаты бар маанилүү күчкө болгондо масштабдуу саясий көрүнүштөрдү изилдөө өзгөчө актуалдуулукка ээ болот. Саясатташкан ислам, өзгөчө «исламизм» жана «ваххабизм» деген аталышта белгилүү болгон радикалдуу жана экстремисттик агымдар дүйнөлүк саясатка, мамлекеттердин коопсуздугуна көйгөй жаратышат.

Айрым окумуштуулар болбой койбос «цивилизациялар кагылышынын» мүнөздүү белгиси катары саясатташкан исламдын феномени жөнүндө билдиришкен, ага ылайык XXI кылымда бүткүл дүйнөлүк коопсуздукка болгон коркунучтар жана чыр чатактар тигил же бул цивилизациялар тигил же бул ишмердүүлүктү ишке ашыргандыгына байланыштуу болот. Хантингтондун прогнозу боюнча, мэлүүн согуштан кийинки чыр чатактардын булагы болуп идеологиялык же экономикалык фактор эмес, чынында «адамдардын ортосундагы ири бөлүнүү жана маданий фактор чыр чатактын үстөмдүк кылган булагы» болуп калмакчы. Өткөн кездеги эл аралык чыр чатактар, карама каршы идеологияны карманган улуттардын биригишине каршы бир саясий идеология улуттардын жалпылыгы тууралуу күбөлөндүргөндүгүнө карабастан, бул келечектеги бүт дүйнөлүк чыр чатактардын себеби катары кызмат кылбайт деп Хантингтон божомолдогон. Андан көрө улуттар баарынан мурда башка цивилизацияларга каршы бир цивилизацияларга топтошуп, бириигишет. Цивилизациялар кагылышы келечекте майдан сызыгы болуп калат.

Цивилизациялар арасындагы жана ортосундагы карама каршылыктын сызыгы – негизги себеби болуп гео-маданий фактор эмес, социалдык-экономикалык фактор саналат, жана бүгүнкү дүйнөдөгү чыр чатактар алардын ортосунда эмес, арасында болот.

Радикалдуу исламдын глобалдуу пайда болуусу ислам өлкөлөрүндө өнүгүүнү жана демократияны жүзөгө ашыруу максатында авторитардык мамлекеттер тарабынан жүргүзүлгөн модернизациянын ийгиликсиз аракеттеринин натыйжасы болуп саналат. Мына ошентип, өнүгүп жаткан өлкөлөр колониалдык доордон тартып төмөнкү дилеммага туш болушкан:

Бир жагынан алганда алар Батыш өлкөлөрү сыяктуу күчтүү болуш үчүн батыш экономикасын жана саясатын өздөштүрүп, өздөрүнүн маданиятын четке кагуулары керек болчу.

Экинчи жагынан, алар өздөрүнүн маданиятын жана диний салттарын карманып, бирок ошону менен бирге эле экономикасы алсыз бойдон калуулары мүмкүн эле.

Колониалдык көз карандылыктан кийинки жылдары көптөгөн өлкөлөр биринчи вариантты тандап, бирдейлик жана өнүгүү дилемманы чечип алышкан. Иран (1970-ж.) жана Турция (1980-ж.) сыяктуу ислам өлкөлөрү күчтүү экономикалык структураны жаратууда ийгиликтерге жетишкен жана мамлекет менен коомдун бөлүгүн модернизациялоо боюнча ийгиликтүү аракеттерди жасашкан. Бирок, идеологиялык жактан алар кайрадан түзүлгөн светтик институттарын мыйзамдаштыра алышкан эмес, өз жарандары үчүн саясий эркиндикти жана экономикалык бакубаттуулуктун деңгээлин камсыз кыла алышкан жок. Светтик улутчулдук (Иран менен Турция) жана араб социализми (Ирак, Сирия, Алжир жана Египет) сыяктуу саясий стратегиялар жарандардын экономикалык өнүгүүсүнүн жана саясий эркиндигинин ортосундагы тең салмактуулукту түзө алышкан эмес. Ислам өлкөлөрүнө неолиберализмди киргизүү экономикалык өнүгүүгө караганда экономикалык теңсиздикке алып келген. 1970-жылдардагы светтик мамлекет куруунун ийгиликсиз долбоору жана диний улутчулдук менен светтик улутчулдуктун ортосундагы чыр чатак ислам дүйнөсүндөгү өлкөлөрдүн саясатында ири наразычылыктын себеби болуп калган.

Качан салттуу маданият тышкы кысымга жана ички системдүү авторитардык модернизацияга туш келгенде, ички терең чыр чатактардын себеби болуу менен алар түзүмдүк, психологиялык өзгөрүүлөргө туш болушат. Демек бул бүгүн бүткүл дүйнөлүк феномен болуп саналат. Биринчи кезекте, мындан аркы өнүгүү шартында салттуу маданият сакталып калаарлыгы бүдөмүк бойдон калууда. Салттарга кайтуу жана учур чакка же болбосо курулай элестетилген маданий мурастарга басым жасоо технологиялык процесстердин катышуусунда бирдейликти сактоого болгон аракет катары саналат. Узак мөөнөттүү планда инновация үчүн альтернатива болбойт. Жакынкы Чыгыш жана Түндүк Африка өлкөлөрүнүн көпчүлүк бөлүгү «өнүгүүнүн өнөкөт кризисинде» болууда, бул саясий жана маданий башаламандыктын болушуна сөссүз шарт түзөт. Качан элдер жана региондор социалдык, экономикалык маргиналдуулук абалында болуп калганда, алдарда өздөрүнүн мобилдүүлүгүн жакшыртууга эч мүмкүнчүлүк болбойт.

Мына ошентип, бардык салттуу маданияттар плюралисттик дүйнө менен алпурушуу зарылдыгынын көйгөйүнө дуушар болушат. Мунун натыйжасында, индивидуалдык маданияттын сөзгө келбестиги чыр чатактарга алып келет. Бул чыр чатакты чечүүнүн эки жолу бар: өткөн мезгилге кайтуу же инновация. Биринчи учурда салттуулук артыкчылык кылат. Экинчи учур, жаңы жагдайлардын жана чакырыктардын талаптарын канааттандыруу максатында бирдейликти адаптациялоо аркылуу жаңыланууга алып келет. XIX жүз жылдыктын аягында күчөгөн исламдын

карама-каршы идеяларынын көп түрдүүлүгү азыркы замандын чакырыктары менен тирешүүнүн натыйжасы болуп саналат.

Светтик күчтөр улуттук кубаттуу мамлекеттин өнүгүшү үчүн үч негизги элементтин – «конституционализмдин», «секуляризмдин» жана «улутчулдуктун» жактоочулары болуп саналышат. Исламдын өнүгүшүн алгылыктуу кылыш үчүн жана аны ислам дүйнөсүнө жарыялаш үчүн азыркы дүйнөгө исламды таратуу фундаменталисттердин жалгыз каражаты болуп эсептелген.

XIX жүз жылдыктын башынан тартып ислам саясий идеология катарында глобалдык, улуттук, социалдык-саясий жана экономикалык мамилелерге болгон реакция катары ар кандай исламдык саясий идеологияларда өзүн көрсөттү.

Саясатташкан исламдык күчтөрдүн жаңы түрлөрү пайда болду:

Бир жагынан, XIX кылымдагы Европанын деңгээлине жетүү үчүн ислам мамлекеттерин модернизациялоо жана реформалоо аракетинин натыйжасында.

Экинчи жагынан, өнүккөн Европа өлкөлөрү менен болгон түздөн-түз тирешүүнүн жана ошол эле учурда өз ара аракеттенүүнүн натыйжасында.

Азыркы кездеги исламдын саясатташкан идеологиясынын алгачкы түрү – айтылуу салафизм жана ага катыштыгы бар кыймылдар XIX жүз жылдыктын аягында пайда болушкан.

Исламдын саясатташкан идеологиясынын экинчи түрү – фундаментализм жана ваххабизм өздөрүнүн ири идеологиялык ар түрдүүлүгү менен жана алар менен байланышкан коомдук күчтөрү менен 1980-1990 – жылдардын аяктарындагы түзүмдүк кризиске чейин акырындап өнүгүп келишкен.

Азыркы учурдагы исламдын саясатташкан идеологиясынын үчүнчү түрү 1980-жылдардын аягында акырындап пайда болгон. Исламизмге жана ислам радикализмине карата критицизм бул идеологиянын эң негизги мүнөздөмөсүнүн бири болуп саналат, жана бул исламдын критицизми саясий идеология катарында чыккандыгы өтө маанилүү. Бул саясий идеология жарандык коомду, өзгөчө адам укуктарын коргоо аркылуу демократияга карай умтулуу мүнөзүнө ээ жана анын секуляризм процессин колдогондугу маанилүү болуп саналат.

Бул идеялар жана аларга тиешеси бар кыймылдар глобализация дооруна кирип келишти. Бул, либералдуу-диний кыймылдар, этникалык өзгөчөлүк жана лингвистикалык айырмачылык сыяктуу ар түрдүү маданий көрүнүштөрдө пайда болгон тарыхый күчтөрдүн кайра жаралуусун камтыган плюрализмдин жарып чыгуусун билдирет. Жалпы улуттук көз караште бул

долбоор авторитардык режимдердин глобалдуу кризисинин, өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн модернизациясынын, ошондой эле жарандык коомго карата реакциянын бир бөлүгү катары ислам дүйнөсүндөгү авторитардык режимдердин кризисине карата болгон реакция болуп саналат. Аталган долбоор түзүмдүк кризиске – мамлекеттин исламдык түзүмүнүн экономикалык, саясий жана идеологиялык кризистерине жооп табууга аракет кылат.

Бир канча кылымдардын ичинде, факт жүзүндө VII кылымдан XIV кылымга чейинки аралыкта ислам дүйнөсү саясатта да, маданиятта да өнүгүүнүн олуттуу ийгиликтерине жетишти. Бирок XIV кылымдан тартып азыркы мезгилге чейин ислам дүйнөсү жай өсүү учурду жана саясий-маданий төмөндөөнү башынан кечирүүдө. Ислам уммасы, ошондой эле белгилүү мусулман теологдору жана изилдөөчүлөрү бул жай өсүүнүн жана төмөндөөнүн себептерин табууга аракет көрүшүүдө. Атап айтканда салафиттер, Мухаммед пайгамбардын жолунан тайгандык – мунун негизги себеби деген жыйынтыкка келишет. Жана азыркы ислам башынан кечирип жаткан бул кризистик кырдаалдан чыгуунун жолу катары салафиттер мындай жолду сунушташат: Мухамед пайгамбардын жана анын жолун улантуучулардын учурундагы чыныгы ишенимге, салттарга кайтуу жолу менен Алтын Доор мезгилин кайра тургузуу керек.

Төрт башат мусулман укугунун негизги аспектилери болуп саналат:

а) Курандын кадыр-баркы;

б) Хадистер – Мухамед пайгамбардын айткан сөздөрү жана кылган иштери;

в) Куранды жана хадистерди бири-бирин толуктоо, текшилөө менен колдонуу;

г) Хадистерди кабыл алынган чечим катары колдонуу.

Өздөрүнүн позициясын түшүндүрүүдө салафиттер Жараткандын буйруктарына карама-каршы келген жана жаңы киргизилген жаңылык катары мусулман укугунун жогоруда көрсөтүлгөн кийинки эки тирегин четке кагышаарын белгилешет. Мына ушундай салафиттердин позициясы Жараткандын буйруктарына ылайык келет жана чыныгы исламга кайтууга түрткү гана бермекчи.

Жогоруда айтылгандар экстремизм жана терроризмдин азыркы толкуну исламисттик салафиттик кыймылдын ойлонулган стратегиясы болуп саналаары тууралуу күбөлөндүрүп турат.

Мына ошентип, исламизм, фундаментализм, салафизм катары белгилүү болгон саясий ислам, жана дагы татаал социалдык-саясий феномен катары

булардын баары илимий таануу объектиси болуп саналышат жана олуттуу илимий милдеттерди өзүндө көрсөтүшөт.

**Илимий мекемелер жүргүзгөн ири илимий программалар, негизги илимий-изилдөө эмгектер менен диссертациянын темасынын байланышы.** Эл аралык саясий жана экономикалык мамилелердин өнүгүү, глобализация шартында мамлекеттер үчүн жаңы коркунучтар, чакырыктар жана тобокелчиликтер пайда болот, бул мамлекеттердин коопсуздугун камсыз кылуу зарылдыгын талап кылат. Ошондуктан, диссертациялык эмгектин натыйжалары, илимий-практикалык тыянактар жана жоболор жаңы иштелип жаткан Кыргыз Республикасынын өнүгүү стратегиясында, диний радикализмге, экстремизмге жана терроризмге каршы аракет боюнча улуттук системасында, «Терроризмге каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамда, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук концепциясында, жана башка негиз салуучу документтер менен ченемдик-укуктук актыларда пайдаланышы мүмкүн.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Борбордук Азияда экстремизмдин, терроризмдин жана диний радикализмдин доктриналдык, уюштуруу жана идеологиялык негиздерин аныктоо жана ачыкка чыгаруу диссертациянын негизги максаты болуп саналат. Бул максат төмөнкү комплекстүү милдеттерди шарттаган:

– социалдык-саясий феномендер катары фундаментализм менен салафизм түшүнүгүн жана алардын маңызын, идеологиялык негиздерин аныктоо;
– глобализация процессинде экстремизмдин, терроризмдин жана диний радикализмдин өзгөсчөлүктөрүн кароо жана аныктоо;
– диний радикализмдин маанилүү мүнөздөмөлөрүн ачыктоо;
– политологиялык көз караште экстремизмдин, терроризмдин жана диний радикализмдин себептерин, шарттарын жана булактарын аныктоо;
– экстремизмдин, терроризмдин жана диний радикализмдин идеологиясына каршы аракеттенүү боюнча идеялык негиздерди иштеп чыгуу;
– Кыргыз Республикасынын радикализмге, эктремизмге, терроризмге каршы күрөшүн уюштуруунун улуттук системасын жакшыртуу боюнча сунуштарды жана чараларды иштеп чыгуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы** глобализация шартында фундаментализмди, ваххабизмди, салафизмди, терроризмди, экстремизмди жана диний радикализмди изилдөөдө азыркы кездин багыттарын жана сунуштарын колдонуу менен, ошондой эле изилдөөнүн

жүрүшүндө жасалган сунуштар жана тыянактар менен коюлган маселе аркылуу аныкталат. Теманы иштеп чыгуунун жыйынтыгында:

– маселени изилдөөдөгү теретикалык-методологиялык негиздердин мүмкүн болгон аныктамалары сунушталды;
– азыркы кездин шартында социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр катары каралган фундаментализмдин, салафизмдин, экстремизмдин жана терроризмдин типологизациясы менен интерпретациясынын негиздери сунушталды;
– социалдык теңсиздиктин глобалдуу ургалдашуусу сыяктуу экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин объективдүү өөрчүү факторлору изилденди;
– экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин бузуку дараметинин транформациялык өзгөрүүлөрү изилденди, мамлекеттердин, анын ичинде Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна болгон коркунучтар комплексинде алардын кооптуулугунун күчөшү талданды, аларга каршы күрөш боюнча сунуштар берилди.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Илимий эмгекте баяндалган негизги тыянактар, жыйынтыктар жана сунуштар белгилүү бир бөлүктө экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин статусун аныктоодогу теоретикалык-методологиялык мамилелерди толуктайт.

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна болгон коркунучтар комплексинде кооптуулукту көрсөтүп жаткан экстремизмге, терроризмге жана радикалдуу диний фундаментализмге каршы күрөштүн негизги принциптерин жакшыртууда пайдаланышы мүмкүн.

Диссертациядагы жоболор, илимий-практикалык тыянактар жана натыйжалар окуу куралдарды жана атайын курстарды даярдап, иштеп чыгууда, ЖОЖдордун гуманитардык факультеттеринин студенттери жана аспиранттары үчүн сабак берүүдө, тартип сактоо жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин практикалык ишмердүүлүгүндө колдонулушу мүмкүн.

**Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгү** диссертациялык изилдөөдөгү экстремизмге, терроризмге жана радикалдуу диний фундаментализмге каршы күрөш жана алдын ала эскертүүчү ишмердүүлүк жаатында ишке ашыруу үчүн мамлекеттик жана эл аралык саясий институттар тарабынан илимий-практикалык сунуштарды иштеп

чыгууда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн бюджетинин аз каралгандыгында, муну реалдуу пайдаланса болот.

**Жакталып жаткан диссертациянын негизги жоболору:**

- жаңы дүйнөлүк тартипти орнотууда жана глобалдуу геосаясий максаттарга, кызыкчылыктарга жетүүдө жана ишке ашырууда эл аралык терроризм, экстремизм жана радикалдуу диний фундаментализм көп пландуу деңгээлде ойрондотуучу социалдык-экономикалык, саясий өзгөрүүлөрдү өзүндө көрсөтөт;
- экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин социалдык-экономикалык, саясий жана идеологиялык булактары эл аралык мамилелердеги ачык дагы, жашыруун дагы геосаясий максаттарды жана кызыкчылыктарды, ошондой эле алдыңкы мамлекеттердин өкүмдүү саясатын билдирген ар кандай чыр чатактардын системасынын элементтерин өзүндө көрсөтөт;
- глобалдуу интеграция жана дезинтеграция экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализмдин пайда болуусун детерминациялоо менен социалдык теңсиздикти күчөтөт;
- коомдун социалдык жана институционалдык түзүмү менен системасы, аларды ойрондотуу жана өзгөртүү максатындагы анын социо-маданий, психологиялык, идеологиялык жана саясий факторлору экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализмдин жашыруун таасиринин объекттери болуп саналат;
- экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализмдин транформацияланышы аталган коркунучтар жана чакырыктар менен ар кандай деңгээлде күрөш жүргүзүүнү токтоосуз кайра карап чыгууну талап кылат;
- экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализм менен күрөшүү көйгөйлөрү улуттук дагы, эл аралык дагы деңгээлде алардын глобалдуу коркунучуна каршы күрөшүү боюнча макулдашылган көп тараптуу биргелешкен аракеттеринин зарылдыгына чакырат.

**Изденүүчүнүн саясий илимге кошо турган жеке салымы**, глобализация процессинде түзүлгөн азыркы коомдун муктаждыгы экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализмди зомбулуктуу социалдык-саясий өзгөрүүлөрдүн ыкмасына айлантуу менен алардын пайда болушуна таасир бергендиги жана активдештиргендиги жөнүндө бир катар илимий изилдөөлөр жана изилдөөнүн илимий жаңылыгы менен аныкталат. Глобализациялык процесстердин таасири астында дүйнө жүзүндө радикалдуу диний фундаментализм, экстремизм жана терроризм жаралат жана калыптанат, алардан бир дагы мамлекет четте калып калбайт.

Жаңы геосаясий шарттарда өзүнө пайда табуу үчүн экономикалык жана саясий таасир берүүчү аймагта жашаган элдердин улуттук кызыкчылыктарын эске албастан пайда көрүү үчүн болгон дүйнөлүк экономикада жетектөөчү орунду ээлеген өлкөлөрдүн тобунун геосаясий кызыкчылыктары экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализмдин жаралышынын биринчи себеби болуп саналат.

**Иштин апробациясы.** Диссертациялык иштин өзүнчө главалары жана бөлүктөрү доклад, сүйлөнгөн сөз түрүндө эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, симпозиумдарда жана «тегерек столдордо» баяндалган. Атап айтканда, төмөнкү илимий-практикалык конференцияларда: Ж.Баласагын атындагы КУУ уюштурган – «Улуттук коопсуздуктун фактору катары кыргызстандык бирдейликти түзүү» аттуу ЖОЖдор аралык илимий-практикалык конференциясында (Бишкек ш., 10.02.2015-ж.), Борбордук Азияда тынчтыкты жана согушту чагылдыруу боюнча Институттун Өкүлчүлүгү, Норвегия Өкмөтү жана Европалык Союз тарабынан уюштурулган – «Борбордук Азиядагы диний радикалдашуу: мифтер жана айкындуулук» аттуу аймактык конференцияда (Бишкек ш., 7-8.12.2015-ж.), Юнеско иштери боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук комиссиясы жана «Диалог Евразия» Коомдук фонду уюштурган – «Кыргызстан бүгүнкү күндүн чакырыктарынын жана тышкы коркунучтардын бет алдында» аттуу тегерек столдо, Бишкек форуму жана «Аргументы и факты» гезити уюштурган – «Евразия мейкиндигиндеги саясий кырдаал жана анын Кыргызстанга тийгизген таасири» аттуу конференцияда (Бишкек ш., 17.02.2016-ж.), Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин коргоо жана эл аралык иштер боюнча Комитети уюштурган «Коопсуздук жана терроризм менен күрөшүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын эл аралык кызматташтыгынын келечеги» аттуу тегерек столдо (Бишкек ш., 29.02.2016-ж.), «Кыргызстан – Кытай эксперттик-аналитикалык диалогу» аттуу эл аралык конференцияда (Бишкек ш., 01.04.2017-ж.), «Бир алкак – бир жол» долбоорунун коопсуздук маселелери» аттуу илимий-практикалык конференцияда (Сиань ш. КЭР, 28.04.2017-ж.), «Рационализм жана руханият экстремизмге каршы аракеттенүү фактору катары» аттуу Кыргызстан – Иран эл аралык илимий конференциясында (Бишкек ш., 14.04.2017-ж., КРнын Илимдер Академиясы), Аймактык эксперттер Клубунун «Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим 25 жыл: жетишкендиктер жана перспективалар» аттуу тегерек столдо (Бишкек ш., 25.05.2017-ж.), Евразия элдеринин биринчи съездинде (Москва ш., 28.05.2017-ж.)

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышы.** Диссертациялык изилдөөнүн өзүнчө главалары,

бөлүктөрү, тыянактары жана сунуштары Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы сунуштаган кыргыз жана чет элдик илимий басылмаларда алты монография түрүндө жана 60 илимий макалада чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү** диссертациялык илимий изилдөөнүн максаты, милдеттери жана мазмуну менен шартталган. Илимий эмгек кириш сөздөн, төрт главадан, корутундудан (бардыгы 306 бет), ошондой эле диссертацияда келтирилген адабияттар булагынын библиографиялык сыпаттамасынан турат.

## Диссертациялык эмгектин негизги мазмуну.

**Кириш сөздө** теманын актуалдуулугу, анын изилденген деңгээли чагылдырылат, изилдөөнүн максаты, милдеттери жана методдору аныкталат, изилдөөнүн теоретикалык жана методологиялык негиздери ачыкталат, илимий жаңылык аныкталат, теоретикалык жана практикалык маанилүүлүк көрсөтүлгөн, конкреттүү маалыматтар жана фактылар келтирилет.

Биринчи «**Диний фундаментализм. Анын идеологиялык негиздери жана мүнөздүк белгилери»** аттуу глава үч бөлүктөн турат. Бул главанын **«Фундаментализм түшүнүгүнүн аныктамасына негизги теоретикалык иш аракеттер»** деген аталыштагы биринчи бөлүгүндө «фундаметализм», «диний фундаментализм», «радикалдуу фундаментализм» жана «исламисттик фундаментализм» түшүнүктөрүнө аныктама берүү боюнча аракеттер көрүлдү.

«Ислам фундаментализми» сөз айкалышы илимий чыгармаларда жана массалык маалымат каражаттарында бекем ордун тапкан. Идеологиясы VI-VII кылымдарда Мухамед Пайгамбардын учурундагы алгачкы исламдын диний, социалдык жана саясий тажрыйбасына негизделген азыркы кездеги мусулман диний-саясий кыймылдардын жалпы мүнөздөмөсү үчүн бул сөз айкалыш дайыма колдонула баштаган.

Бирок азыркы учурга чейин «ислам фундаментализми» түшүнүгү талаш-тартыш жаратып жана азыркы кездеги илимде акырына чейин аныкталбаган бойдон калууда. Теология илиминин көз карашы боюнча «фундаментализм» терминин колдонууда айрым адистер жана эксперттер ага «ислам» сөзүн айкалыштыруу туура, анткени фундаментализм иш жүзүндө бардык диндерде орун алган жана өкүм сүрүүгө акылуу деп божомолдошот. Башка изилдөөчүлөр исламдагы фундаментализм феноменин сүрөттөө үчүн «салафизм», «жихадизм» терминдери көбүрөөк туура боло тургандыгын тастыкташат.

Дүйнөлүк башка негизги диндер сыяктуу эле, ислам абсолюттук чындыкка ээлик кылуу укугу бар экендигин жашырбайт. Мындай диний негиздөөлөр алардын иш-аракеттери жогору жактан чечилгендигин, ошондуктан калк тарабынан бекитилген моралдык ченемдердин алкагынан чыгып кеткен ыкмаларды алардын гана колдонууга укугу бар экенгдигин айрым адепттер билдиришет[6,б.69].

Мындай учурда «ислам фундаментализми» деп аталган исламдын саясатташуусунун четки феномени үчүн «саясий ислам», «исламизм» синонимдери көбүрөөк дал келет деп айрым батыш изилдөөчүлөрүнүн берген аныктамалары менен макул болууга болот.

Ошондой эле «шарияттын» жер шарын кучагына алган бийлигин орнотуу үчүн чыккан радикалдуу жана өтө ашкере кетпеген азыркы кездеги ислам диний-саясий кыймылдардын ишмердүүлүгүн «исламизм» түшүнүгү менен белгилешет[7,б.41].

Азыркы учурда «ислам фундаментализми» терминин колдонуунун тууралагы жөнүндөгү маселе боюнча илимий талаш-тартыштар аягына чыга элек.

Өткөн кылымдын 90-жылдарынан тартып ислам фундаментализминин көйгөйүнө цивилизациялык мамиле көз карашында кароо аракеттери көрүлө баштады.

Цивилизациялык теориянын байланышында, байыркы салттардын башатына кайтууга умтулгандык деп аныкталган ислам фундаментализми, ислам дүйнөсүнүн «Батыштын цивилизациялык чакырыгына» жооп аракети катары каралат[10,б.53].

Жалпысынан изилдөөчүлөр тарабынан «ислам фундаментализминин» айрым мүнөздүү белгилери ачыкталган жана азыркы кездеги саясий теория менен практикада бул феномендин орду аныкталган. Илимий чыгармадагы анализ «фундаментализм» түшүнүгүнүн интерпретациясына үч негизги мамилени бөлүп кароого жол берет.

Биринчи мамиле. Фундаментализм, негизи илимдүүлүктү, толеранттуулукту четке каккан дүйнө таануу жана сөзгө келбес, фанаттык берилүү менен колдоо катары терс байланышта каралат, ал эми кимде-ким «өздөрүн гана кабыл алып, белгилүү бир чөйрөгө таандык болбогон тараптарга карата келишпестигин билдирсе», андайлардын баарына «фундаменталист» терминин колдонушат. Ошондой эле экстремизмдин, саясий радикализмдин жана ал эмес терроризмдин ар кандай көрүнүштөрүн дайыма фундаментализм деп аташат. Мындай салыштыруу туура эмес.

Экинчи мамиле. Фундаментализм модернизациянын жана глобализациянын процесстерине болгон реакцияны билдирген социалдык

маданий кубулуш катары каралат. Фундаментализм салттуу коомдун тирегинин ишеничин кетирген батыш экспанционизмин, ыкчамдатылган модернизациясын кабыл алууга жарактуу эмес социалдык жана саясий идеологияс катары элестетилет. Көптөгөн илимпоз саясат таануучулар үчүн фундаментализм – бул коомдун руханий ойгонуусуна жана кайра жаралуусуна карай өзүнө чакырык камтыган туура көрүнүш. Ал секуляризациянын ыкчам процесстери жана салттуу баалуулуктарды жоготулушу, ошондой эле ишенимге жана диний жашоого болгон кызыкчылыктын жоголушу, кулк-мүнөздөрдүн бузулушу менен шартталган.

Ушундай түшүнүк берүүдө фундаментализм – бул руханий тазаланууга алып келе турган, кайсы бир элге бөтөн маданияттын, баалуулуктардын жана идеологиялардын экспансиясына карата болгон позитивдүү, зарыл жана мыйзам ченемдүү реакция.

Жогоруда белгиленген эки мамиле, ошондой эле алардын алкагында пайда болгон фундаментализм феноменинин интерпретациялары да анын маңызын толугу менен ачып бере алышпайт. Илимий анализ үчүн көбүрөөк толукталган жана натыйжалуу катары бул феноменге калыстуу-нарктуу үчүнчү мамиле сунушталат.

Биринчи главанын **«Радикалдуу диний фундаментализмдин идеологиялык негиздери жана мүнөздүү белгилери»** деген аталыштагы экинчи бөлүгүндө, азыркы учурда диний фундаментализмдин изилденишине көңүл бурулган, азыркы глобалдуу дүйнөдө анын пайда болгон себептери жана жайылтылышына өзгөчө көңүл бурулган чет өлкөлүк авторлордун басылмалары жарыкка чыгып жаткандыгы белгиленет.

Бүгүн айрым изилдөөчүлөр фундаментализмди диний ишенимдин фундаментин, негизин жактаган динге ишенген адамдын абалы катары түшүндүрүшөт.

Айрым батыш илимпоздору[30,б.19]. белгилегендей, фундаментализмди идеологиясы «тунук» исламдан аябай эле айырмаланган айтылуу саясий ислам менен туура эмес окшоштурушат. Дүйнө жүзүндө тар түшүндүрмө менен бир катарда фундаментализм жөнүндө жөнөкөйлөтүлгөн, көндүм болуп калган, диний, саясий жана коомдук ишмерлер тең бөлүшкөн түшүнүк жайылтылган. Көрсөтүлгөн түшүнүккө ылайык, фундаментализм – бул терең ишеним, диний окуу билими жана ага берилгендик.

Салафизмдин идеологиялык түзүлүштөрүнүн негизги орундарынын бирин төмөндөгү учурдарга негизденген батышка каршы багыт ээлейт.

– Биринчиден, ислам үчүн Батыш ырайымсыз кастык маанайда жана ал өзүндө коркунуч туудуруп турат. Ушуга байланыштуу, идеологиялык түзүлүштөгү салафит-жихадисттердин конспирологиялык теориясында

ислам динине жана анын адепттерине каршы иудей-христиандык тымызын иш жөнүндө белгиленет.

– Экинчиден, жогоруда айтылгандардын негизинде мусулман дүйнөсүндө бир гана жол калат – ал зомбулук.

– Үчүнчүдөн, согушчан жихад – Батыш кутумуна каршы жалгыз жол. Чынында, салафиттик-жихадизмдин идеологдору Батышта белгилүү болгон С.Хантингтондун «цивилизациялар кагылышы» идеясын колдонушат.

Глобалдык салафиттик жихаддын идеологиясын курал катары колдонгон диний кыймылдын максаты, ислам дүйнөсүндө улуттук мамлекеттерди жоюу жана Батыш Африканын жээктеринен баштап Борбордук Азияга чейин жана андан ары Филиппинге карай жайылган халифат мамлекетинде ислам дүйнөсүнүн мурдагы улуулугун кайра калыбына келтирүү болуп саналат.

Биринчи главанын **«Салафийлик агымдын пайда болушу жана калыптанышы»** деген үчүнчү бөлүгүндө салафийлик агымдын тарыхы жана ислам дүйнөсүндө бул түшүнүктүн ээлеген орду тууралуу көз караштар баяндалат. Салафийлик - арапчадагы алгачкы, мурунку деген маанилерди билдирген «Салаф» сөзүнөн алынган. Кураны каримде дагы салаф сөзү сөздүк мааниде сегиз аятта колдонулган. Мисалы, Куранда: *«Кимге Эгесинен насаат Сөз келген кезде, өздөрүн тыйышса, мурункулары (ма салаф) кечирилет...», «Алла- өткөндү кечирди.».*

Салафийликти тарыхый негизде анализ кылуу өтө маанилүү болуп эсептелет. Анткени, салафийлик тарыхтан азыркы күнгө дейре бир топ өзгөрүүлөргө жана бөлүнүүлөргө дуушар болду. Азыркы күндөгү өздөрүн «салафий» деп атагандарды алгачкы мезгилдеги салафий көз карашынын негизинде таанытуу дагы жетиштүү болбойт. Ошондуктан салафийликти өзгөчөлүктөрүнө жараша таанытуу объективдүү болот.

Жалпылап айтканда классикалык салафийлик Ахмад бин Ханбалдан башталып, Ибн Таймия менен уланып Мухаммед бин Абдулваххабка чейинки тарыхый этапты камтыйт. Азыркы күндө да классикалык салафий көз караштарын карманган, Мухаммед бин Абдулваххабдын көз караштарын этибарга албаган салафий аалымдары аз да болсо бар. Сауд Арабияда жана башка өлкөлөргө жайылган салафийликтин басымдуу бөлүгү Мухаммед бин Абдилваххабдын аракети менен калыптанган вахаби-салафийлик болуп эсептелет.

Орто Азия аймагында салафийликтин таасири 1980-жылдардан баштап, башкача айтканда Советтер Союзу дуушар болгон социалдык-саясий жана экономикалык кризис учурунан тарта билине баштаган. Орто Азия өлкөлөрүнүн ичинде Өзбекстан орто кылымдардан бери ислам дини кеңири

тарап, жайылган мамлекет болгондуктан салафийликтин таасири да ушул аймактын Фергана өрөөнүнө караштуу Андижан, Маргалан, Фергана сыяктуу шаарларында көрүлгөн. Союз мезгилинде Кыргызстанда жогорку диний билим берүүчү мекеме болбогондуктан, Кыргызстандык жаштар диний билимди Өзбекстандагы Мир Араб жана Ташкент медреселеринде же болбосо, Фергана өрөөнүнүндөгү хужраларда алышкан.

Эгемендүүлүктү алгандан бери катаал экономикалык абалды башынан өткөрүп жаткан Кыргызстандын диний чөйрөсүнүн калыптанышына мусулман өлкөлөрүнөн келген жардамдардын натыйжасында ачылган диний окуу жай жана исламий борборлор чоң таасир тийгизүүдө. Салафий көз караштарды таратууда негизги ролду аткарган бул окуу жайлар, салттуу ханафий-матуридий ислам түшүнүгүнө караганда коомдогу динчилдикти калыптандырууда алдыга озуп чыгууда.

**«Радикалдуу ислам фундаментализми экстремизм менен терроризмдин эволюциясынын жана аракеттеншинин идеялык негизи катары»** деген аталыштагы экинчи глава эки бөлүктү камтыйт.

Ушул главанын **«Экстремизм жана терроризмдин доктриналдык, уюштуруу жана идеологиялык булактары»** деген биринчи бөлүгүндө терроризмдин жана экстремизмдин доктриналдык, уюштуруу жана идеологиялык булактарын аныктоого, булактардын маңызын жана мазмунун түшүнүүгө аракеттер жасалды.

Белгилүү бир күчтөрдү, топторду же жактарды кылмыштуу саясий максаттарга баш ийдирүү менен конкреттүү мамлекеттерге, ар кандай түрдөгү коомдук, мамлекеттик түзүмдөргө каршы актыларды жана террористтик акцияларды уюштуруу, ишке ашыруу демилгесине шыкактаган көптөгөн булактар азыркы кезде өмүр сүрүүдө.

Азыркы доордун карама-каршылыктары жана тенденциялары буларды чечүүнүн ыкмасы катары экстремизмди, терроризмди жана диний фундаментализмди объективдүү түрдө алдын алалбайт, бирок азыркы доордун тенденцияларына жана карама-каршылыктарына ылайыкташып алышып, террористтик актыларды, экстремисттик акцияларды уюштурушкан жана ишке ашырышкан белгилүү бир түрдөгү саясий оюнчулар, агрессивдүү уюмдар дүйнө жүзүндө бар. Жашоо циклынын бардык ылдамдатылган темпи, экономиканын, өнөр-жайдын, илимдин жана социалдык-маданий жашоонун бардык тармагынын ушул кезге чейин болбогон тез өнүгүүсү азыркы доордун өзгөчө мүнөздүү белгиси болуп саналат.

Экстремизм жана терроризм, радикалдуу диний фундаментализм жана көптөгөн башка агрессивдүү күчтөр улам-улам дүйнөнүн тигил же бул региондорунан өздөрүн көрсөтүшүүдө. Азыркы дүйнөгө, андагы маани

берилбей калган социалдык кыйшаюуларга таптакыр жаңы көз караш керек, чогулган көйгөйлөрдү чечүүгө башкача мамиле кылуу зарыл. Байлар үчүн гана дүйнөлүк тартип орнотууга аракет кылбастан, бардык адамдар үчүн турмуштун жаңы социалдык каадасын таап жана таратуу зарыл. Ал үчүн учурдагы эл аралык уюмдарды кайра куруу же көйгөйлөрдү чечкен, адамдардагы карама-каршылыктарды жок кылган, жаңы эл аралык мамилелерди түзгөн уюмдарды түзүү талап кылынат.

Экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализм белгилүү бир мааниде азыркы доордо түзүлгөн жеңилбес көрүнүштөрдү пайда кылат: адамзаттын тийиштүү катмарларында чыдагыс баскычка чейин жеткирилген – социалдык теңсиздик, зыкымдык жана дүнүйөкордук, өзүмчүлдүк жана зомбулук, коррупция, куралга жана жардыруучу заттарга оңой жете алгандык, укуктук нигилизм. Негизин туруктуулук жана жетишкендик түзгөн Бириккен Европаны жарым кылым бою гүлдөп өскөн дүйнө деп эсептешкен. Бирок көп белгилери боюнча караганда туруктуулук, жетишкендик жана жыргал турмуш көтөрүм боло баштады.

Орус изилдөөчүсү Н.Хомский белгилегендей, батыш илимпоздору Френсис Фукуяма жана Самуэл Хантингтон тарабынан «цивилизациялар согушу» концепциясы сунуш кылынган. Андагы негизге ылайык АКШда «цивилизациялуу» Батыш менен ислам дүйнөсүнүн ортосунда кастык күч алууда, айрым «ой-жүгүртүүчүлөр» болсо өздөрү ойлоп тапкан кайсы-бир жаңы цивилизацияларга дүйнөнү жасалма түрүндө бөлүүгө аракет кылышууда. Бул концепцияда эң коркунучтуусу, андагы маани боюнча элдерди «жакшыларга», бул дүйнөдө жашоого «татыктууларга» жана биздин планетада жашаганга татыксыз «жамандарга» бөлүүгө саясатчыларды шыкактагандыгы.

11-сентябрдагы окуялар саясатчыларды өздөрүнүн кылган иштерин таразалаганга мажбур кылыш керек эле. Бирок ал кайгылуу окуя Америка Кошмо Штаттарынын администрациясына өзүнүн ой-жүгүртүүсүн, стилин жана ишмердүүлүк методун дүйнөгө өзгөчө ачык көрсөтүүгө түрткү берди. Террористтик акциядан болгону тогуз күн өткөндөн кийин күч-кубаттуу держава дүйнөлүк мамлекеттик төңкөрүш жөнүндө жарыялады. Практика жүзүндө ал, жеке ыктыяры боюнча планетанын тагдырын чечүү укугун өзүнө алаарын жарыя кылды жана бардык өлкөлөрдү ага баш ийүүгө, анын диктатын ээрчүүгө талап койду. Чынында эле көпчүлүк өлкөлөр бул талапка баш ийишти.

2007-жылдын октябрында Д.Буш, Американын Ирактагы жеңилүү ызасынын таасири астында, АКШ диктатына Иранды баш ийүүгө мажбурлай албагандыгынан, Конгресстин эркине каршы Чоң Жакынкы Чыгышта үчүнчү

дүйнөлүк согуш тутанышы мүмкүндүгү жөнүндө болуп көрбөгөндөй билдирүү жасаган.

Чын эле 2010-2011 – жылдары болгон жана Жакынкы Чыгышта (Алжир, Египет, Ливия, Сирия) учурда болуп жаткан окуялар ал билдирүүнү тастыктады.

Кептин баары, «дүйнө лидерлиги» доктринасы АКШда мурда эле түзүлгөндүгүндө жана активдүү колдонулуп жаткандыгында.

2008-жылдагы болуп жаткан кризистин шартында эми бул доктринаны реанимациялоо процесси башталды. Дүйнөнүн региондорунун биринде «башкарылган башаламандык же кризистик башкармалык» түзүү аркылуу бул доктринаны ишке ашыруу жоромолу жаңы сценарийдин негизги коркунучу болуп турган. Ал эми башаламандыктын негизиндегилер – экстремизм, терроризм, локалдык конфликттер, согуштар, АКШ кызыкчылыктарынын жылышына бөгөт болгон айрым өлкөлөрдүн суверенитетине доо кетирүү.

Мына ошентип, экстремизмдин жана терроризмдин доктриналдык булактарын түзгөн ар-түрдүү концепциялар, пландар жана идеялар иштелип чыгууда жана ишке ашырылууда.

Тийиштүү уюмдар, түзүмдөр, топтор, ошондой эле радикалдык диний фундаментализмдин ураанынын астында терроризм, экстремизм актыларын жана акцияларды ишке ашыруу, уюштуруу, демилгелөө үчүн максаттуу түрдө түзүлгөн аскерлешкен террористтик жана экстремисттик түзүлүштөр терроризмдин, экстремизмдин уюштуруучу булактары деп түшүндүрүлөт. Ар кандай масштабдагы жана көптөгөн ушуга окшогон уюмдар бар. Биринчи кезекте бул, дүйнөнүн бардык атайын кызматтарына, саясат таануучуларына, юристтерге жана укук коргоо органдарына «маалымдар» болгон өзгөчө уюшулган жана түзүмдөштүрүлгөн уюмдар.

Алгач, бул «дүйнөнүн башкы террористи» маркум Усама бен Ладен тарабынан түзүлгөн – «Аль-Каида» террористтик уюму жана көп жылдардан бери Афганистан территориясында аракеттенген – «Талибан» аскердик-террористтик тобу. Эки уюмду тең айрым араб жана батыш адистери жаратышкан, багышкан, куралдандырышкан, материалдык түрдө колдоо көрсөтүшкөн жана терроризмдин каардуу акцияларына кириптер кылышкан. «Аль-Каида» да, «Талибан» да америкалыктарга бумеранг болуп жооп кайтарышканын белгилеп кетүү керек, алар америкалыктарга каршы ири террористтик акцияларды гана ишке ашырбастан, өздөрүнө каршы бүткүл дүйнө боюнча масштабдуу антитеррористтик операцияларды буруууга мажбур кылышты. Сирияда жана Иракта согушуп жаткан ДАИШ (ИГИЛ) жана «Жабхат ан-Нусра» Турция, Сауд Аравиясы, Катар жана башкалар

менен ошондой эле аскердик, саясий, экономикалык мүнөздөгү жашыруун байланыштарга ээ.

Өнүккөн өлкөлөрдү чектелген согуштарга тартууну, «үчүнчү дүйнө» өлкөлөрүндө ачарчылык, эпидемияларды жайылтууну, жасалма түрдө кризистик абалдарды түзүүнү, шайтандык культтарды, тоталитардык диний секталарды демилгелөөнү, билимдин жана маданияттын негиздерин бузууну, гомосексуализмди пропагандалоону, порнография жана сойкулукту жайылтууну ж.б.у.с. өзүнө камтыган ири программа иштелип чыккан жана иштеп жатат.

Терроризмдин жана экстремизмдин идеологиялык булактарын ачыктап жана атаардан мурда, идеология эмнени түшүндүрөөрүн кароо зарыл.

Идеология – эң татаал категория, ал өзүнө көптөгөн топтомдорду камтыйт, коомдун бардык жашоо чөйрөсүн кучагына алат, көп багыттарга ээ. Көз караштар, түшүнүктөр, коомдун жана мамлекеттин тигил же бул жашоо чөйрөсү кандай болуш керек деген багыты катары жалпы көрүнүштө идеологияны аныктоого болот. Идеологияда, коомдун жана мамлекеттин жашоо түзүлүшүнүн идеялары деп атоо кабыл алынган негизги топтомдор бар. Идеологиясы жок бир дагы коомдун өмүр сүрүүсү мүмкүн эмес.

Исламисттик идеология вакуумда пайда болгон эмес, ал карама-каршы түрдө диний салтка кирип кеткен, чектен ашкандыкка жеткирүү менен андан айрым элементтерди калпып алган, ал эми башкаларын болсо өлкө жана жагдайга жараша ийгиликтин ар кандай баскычына жетүү менен четке каккан.

Фундаментализмдин саясий мааниси, фундаменталисттер белгилүү бир принциптерди коргоо менен алардын жүрүш-турушун жетектеген саясий түзүлүштөрдүн, түшүнүктөрдүн жана баалуулуктардын жыйындысына «бургандыктарында» турат.

Ар кандай мазмундагы идеология адамдардын аң-сезимине бекийт, ал аң-сезимдин орчундуу компоненти жана аракеттердин максаты, аны алып жүрүүчүлөрдүн кылык-жоругу болуу сапатына ээ. Идеология аң-сезимде өзгөчө бекем тамырлаган учурда адамдын бардык жашоо тиричилигин аныктоого жөндөмдүү. Дал ушунун айынан көп адамдар тийиштүү бир көз караштардын фанатиктери, өзгөчө колдоочулары болуп калышат. Ушунун кесепетинен идеология кеңири жайылуу сапатына ээ жана муундан муунга өтүшү мүмкүн. Терилген басылмалар, радио, телевидение, Интернет, окуу мекемелери, формалдуу эмес коомдук уюмдар ж.б.у.с. бүгүн жайылтуучу жана берүүчү каражат болуп саналат. Идеологияны бекитүү жана жайылтуу каражаттары позитивдүү гана эмес, деструктивдүү максатта да түзүлүшөт жана колдонулушат, анын ичинде экстремизм жана терроризмди ишке

ашырган уюмдар тарабынан дагы. Бул ар кандай түрдөгү кадимки брошюралар, листовкалар, инструкциялар ж.б.

Экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүк негизденген идеология жөнүндө айтсак, анда ал абсолюттуу деструктивдик, реакциялык, адамзат жашоо тиричилиги үчүн коркунучтуу жана зыяндуу болуп саналат. Ал жалган, бузулган көз караштарда, түшүнүктөрдө, багыттарда түзүлөт. Ал деструктивдүү гана эмес, ал адамдарды, адамдар тобун, уюмдарды жана ал эмес мамлекетти эң каардуу аракеттерге – киши өлтүрүүгө, адамдардын эң баалуу болгон өмүрүн кыюуга түрткөндүктөн, ал реакциялык болуп саналат. ИГИЛдин террористтери колго түшкөндөрдү жана барымтадагыларды өлүм жазасына тарткан актылар – буга мисал.

Экстремизм жана терроризмдин негизинде төмөнкү «негиздик идеялык платформалар» жаткандыгын көптөгөн мурдагы белгилүү окуялардын жана терроризм менен экстремизмдин азыркы жасалып жаткан акцияларынын анализи көрсөтүүдө[86,б.43]:

— агрессивдүү, реакциялык улутчулдук;

— суррогаттык, бузулган диний көз караштар;

— эсхатологиялык көз караштар;

— радикализм.

Экстремизм жана терроризмдин бардык аталган негиздик идеялык платформалары бири бири менен тыгыз өз ара байланышта турушат, негизи алар кадыресе бири бирине жыш аралашкан.

Терроризмдин жана экстремизмдин булактары жөнүндө маселе өтө татаал. Ал ар кандай массадагы кызыкчылык, көз караш, идеология ж.б.у.с. түрдүү пландагы факторлордун, жагдайлардын түйүлгөн түйдөгүн элестетет.

Терроризмдин булактарын классикалык баянда түшүндүрүү, ага түз классификация берүү мүмкүн эмес. Кептин баары терроризм локалдык көрүнүштөн глобалдык көрүнүшкө трансформацияланганында, аны майда топтор жана уюмдар гана демилгелебейт, ал бүгүн дүйнөнүн улуу мамлекеттеринин стратегияларынын деңгээлине чыгууда. Бул татаал маселени чечүүдө дагы бир кыйынчылык бар: терроризм согуш аракеттери менен тыгыз байланышта. Акыркы жылдары терроризмди учурдагы согуштардан айырмалоо кыйынчылык жаратып калды, себеби тигил дагы, берки дагы көрүнүштүн кандайдыр-бир булактары бар.

Согуштар менен терроризмдин ортосундагы чектер жоголууда, таза согуштар да, өзүнчө ишке ашырылган террор да жок деп жыйынтык чыгарууга болот. Согуштардын жана терроризмдин булактары ого бетер көп аралашууда, алардан кандуу, каардуу террористтик согуштар чыгууда. Бул

тууралуу Афганистандагы, Ирактагы, Сириядагы, Судандагы, Йемендеги окуялар күбөлөндүрүп турат.

Экинчи главанын **«Экстремизмдин жана терроризмдин саясий булактары»** аттуу экинчи бөлүгүндө экстремизмдин жана террорризмдин эволюциясын түзүүнүн идеялык негизи катары диний фундаментализмди изилдөө жана анализдөө аракети көрүлдү.

Азыркы кездеги дүйнөлүк илимде «терроризм» түшүнүгүнө эки негизги мамиле орун алган. Социалдык мамиле анын пайда болуусунда социалдык процесстердин аныктаган маанисинен чыгат. Биологиялык[91] мамиле бул көрүнүштү адамдын кайсы-бир «зомбулукчул» маңызы, адамдардын башкалардын кызыкчылыгына коркунуч келтирүүгө «табигый» умтулуусу жана өздөрүнүн максаттарына жетүү үчүн ар кандай колдо бар каражаттарды колдонуусу менен байланыштырат. Мына ошентип, азыркы терроризм социалдык жана биологиялык симбиоз экендигин көрсөтөт.

XX кылымдын экинчи жарымында этникалык топтордун жана элдердин улуттук маданиятынын, диндердин жана салттардын кайра жаралуусу үчүн күрөштүн курчуду, алар бир катар саясий ураандарды жана талаптарды коюлушу менен коштолгон:

– Алгач, улут-мамлекеттин бар болуу идеясынын өзү күмөн туудурган. Анын легитимдүүлүгүнө баш тартылган, анткени ал бир этникалык топтун саясий баалуулуктарынын жана салттарынын юридикалык жана факт жүзүндөгү ийгиликтин шартында гана өмүр сүрө алмак.

– Улут-мамлекетте отурукташкан этникалык топтордун маданий айырмачылыктарын расмий таанууга жана титулдук улут менен теңчиликке жетүүгө болгон талаптар сөссүз түрдө азчылык улуттун саясатташуусуна алып келген.

– Титулдук улуттун салттарын жана баалуулуктарын бардык калкка жайылтуу этникалык топтордун улуттук индивидуалдуулугун алсыратуу жана алардын өз алдынча өнүгүү мүмкүнчүлүгү үчүн тоскоолдук катары каралган. Бийликтин укуктарынын бөлүгүн региондорго берүү шартында гана, муну менен бийликти жарандардын конкреттүү муктаждыктарына жана мүдөөлөрүнө жакындатуу менен бул реалдуу болуп эсептелген.

Жогоруда тизмектелген постулаттар азчылык улуттардын массалыгында, радикализациясында жана жалпылыгында көрсөтүлгөн кыймылындагы сапаттуу өзгөрүүлөргө алып келген.

Экономиканын жогорулашы, социалдык прогресс, билимдүүлүктүн өсүшү жана ал эмес укуктардын кеңейиши «тынчыгандыкка» алып келбейт,

ал социалдык-статустук күтүүлөрдү жана күтүү менен реалдуу натыйжалардын ортосундагы ажырымды күчөтөт.

Расалык таандыктыгына, тилине, динине карабастан бардык жарандардын формалдуу теңчилиги дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө мыйзам түрүндө бекитилген. Мындай абал көпчүлүк учурларда расалык жана этникалык дискриминациянын өзгөчө анык жана орой формаларынан качууга жол берет. Бирок факт жүзүндөгү, ал эмес жеке адамдын деңгээлиндеги теңсиздикти жеңип чыгуу үчүн формалдуу теңчилик жетишсиз болуп калды.

Ар бир өлкөгө экстремизмдин тигил же бөлөк түрүнүн көбүрөөк жайылтылышында пайда болгон өзүнүн өзгөчөлүктөрү таандык. Бул, топтук теңсиздик жана маданий айырмачылыктарды четке кагуу идеяларына, тоталитардык тартип жана жек көрүүчүлүк пропагандага негизделген саясий экстремизм болушу мүмкүн. Улутчулдук түшүнүктөгү экстремизм расалык элдешкис кыртышта өсүп чыгат, анын үстүнө экстремисттик уюмдардын мүчөлөрү адамдардын анча-мынча физиологиялык айырмачылыктарына да расалык-этникалык мүнөз тартуулашат. Диний экстремизм адатта, өлкөнүн ичиндеги да жана чет жердеги да башка динди туткандарга карата кастык түрдө пайда болот.

Этникалык жалпылыктын экзотизациясы жана этникалыкка фундаменталдык, өтмө эмес жана негиз салуучу мүнөз берүү этникалык экстремизм үчүн мүнөздүү. Кыргыз Республикасы сыяктуу көп улуттуу мамлекет үчүн мындай идеология өлкөнүн жарандарынын бөлүп-жаруусуна алып келет. Ал мамлекеттик кризис шартында өзгөчө курч түрдө пайда болот жана ошол эле убакта ушундай кризистин катализатору болуп чыгат, мисалы ал 2010-жылдын июнунда республикабыздын Ош жана Жалал-Абад областарында өзбек улутундагы адамдардын өзүнчө тобу тарабынан көрсөтүлгөн.

2010-жылдын май-июнь айларында Кыргыз Республикасынын өзбек улуттук-маданий борборунун лидерлери К.Батыров жана башкалар өзбек калкынын айрым бөлүгүнүн агрессивдүүлүгүн козгоп жана манипуляция кылгандыктарын көрсөтүшкөн. Адамдардын улуттук сезимине таасир берүү жетишерлик туруктуу жооп берүүчү реакцияны козгойт. Улуттук сезимге таасир берүүнүн натыйжасындагы «жан дүйнөнү» сыздаткан жаралардын айыгышы көпкө созулат жана муундан муунга мурас болуп өтүү сапатына ээ. Республикабыздагы 1990-жылдын июнундагы Ош окуялары 2010-жылы июнь айында кайталангандыгы дал ушул менен түшүндүрүлөт.

Азыркы кездин эл аралык терроризминин жана экстремизминин өсүшү дүйнө мамлекеттеринин калкынын жашоо сапатынын диаметралдык

айырмачылыгында камтылган социалдык себептерге ээ. Бул себептер, бай Түндүк жана жакыр Түштүк ортосундагы карама-каршылыктарда өскөндөрүн жана аларда мите болуп жашагандарын так кесе айтууга болот. Бул шарттарда, дүйнөнүн ар кандай өлкөлөрүндөгү калктын жетишерлик кенен, өзгөчө маргиналдуу катмарларын террористтик ишмердүүлүккө тартууга мүмкүнчүлүктөр кеңейет.

Улутчулдук жана диний радикализм учурдагы эл аралык терроризм жана экстремизмдин саясий негизи болуп саналат. Саясий планда ал улуттун өзүн өзү аныктоо укугу жөнүндө БУУнун айрым жоболорун бурмалайт. Колониализм жок кылынгандан кийин бул жоболор өзүнүн прогрессивдүү маанилерин жоготушкан жана сепаратизмдин, ар түрдүү бөлүнгөн элдерди бириктирүүчү кыймылдын куралы болуп калган.

Этникалык маңыздагы экстремизм жана анын баштапкы формасы – этноцентризм – адамдын аң-сезиминин психологиялык өзгөчөлүктөрүнө кайрылат жана аларды пайдаланат. Бардык полиэтникалык мамлекеттерде улутчулдукту активдештирүүнүн булагы болуп, ар түрдүү этностордун пайда болгон социалдык-экономикалык, ал эми кээде саясий да теңсиздиги саналат.

Бардык бул кырдаалдар XX кылымдын аягында диний террористтик интернационалдын пайда болуусуна алып келди. Бул интернационалдын лидерлери бирдиктүү исламисттик мамлекет түзүү идеясын жарыялашты. Жана ислам халифатын түзүү максатында алар согушчан жихадга барууга даяр турушат.

Бирдиктүү ислам мамлекетин, б. а. халифат түзүү идеясын ишке ашыруу максатында олуттуу түрдө террористтик актылардын саны өстү, алар практика жүзүндө бардык континетте ишке ашырылууда жана учурда бир дагы мамлекет бул актылар менен акцияларга каршы эффективдүү жана сапаттуу кепилдиктерге ээ эмес.

Эл аралык терроризм жана экстремизм менен күрөш ийгиликтүү болууга тийиш, эгерде аларды доктриналдык, уюштуруучулук, идеологиялык жана саясий булактарынан ажыратып салса.

**«Экстремизмдин, терроризмдин жана радикалдуу диний фундаментализмдин субъекттеринин өзгөчөлүктөрү жана фундаменталисттик менталдыктын калыптанышынын социалдык-психологиялык механизмдери»** деген аталыштагы үчүнчү глава үч бөлүктү камтыйт.

Өткөн жүз жылдыктын аягында социалдык жана саясий мейкиндиктин глобализациясы, адамдардын жашоо образынын интенсификациясы, массалык аң-сезимге багытталган массалык малымат каражаттарынын (ММК) таасири фундаментализмдин кезектеги кайра жаралуусуна алып

келген маданий төңкөрүштү алдын ала аныктап койгондугу тууралуу ой-пикир үчүнчү главанын **«Фундаменталисттик менталдыктын калыптанышынын шарттары жана социалдык-психологиялык механизмдери»** деген аталыштагы биринчи бөлүгүндө көрсөтүлөт. Адамдарды каптаган жана таасир эткен ар түрдүү маалыматтардын агымы бүгүн бир кыйла жана алар баш ийбес болуп турат. Көбөйүп жаткан маалыматтын агымы жана аны берүүнүн жаңы формасы мейкиндикти жана убакытты тоскоолдуксуз өтүүгө жол бергендей. Жыйынтыгында, «мелүүн согуш» мезгилинде адам ишенимдүүлүккө ишенип, белгиленген стандарттарга ээ болгон болсо, ал эми глобализация доорунда ишенимдүүлүк жана стандарттар белгисиздик жана скептицизм менен алмаштырылып калган. ММК түзгөн образдар ар кандай нерселерди үстүртөн кароого, цинизмге, тынымсыз алмашууларды эңсөөгө; жашоодо ар мүнөттүк пайда табууга жана калыптанган салттарды жана баалуулуктарды жокко чыгарууга түрткү берет.

Мына ошентип фундаментализм – бул учурдун социо-маданий, экономикалык, диний жана саясий көйгөйлөрүнүн талашсыз чечимдерин сунуштайт, социалдык толкундоолордун, жогорку социалдык жана географиялык мобилдүүлүк жана башка мамлекеттеги кризистик жагдайларга алып келген факторлордун мезгилинде коомдун жана анын мүчөлөрүнүн кулк-мүнөздүк түзүлүшүн моралдык жактан бекемдеген феномен.

Психологдордун пикири боюнча, адатта өзүнүн психикасында шизоиддик жана тажатма түзүмдү айкалыштырган инсандын тиби фундаментализмге тартылат.

Шизофрениктер дүйнөгө ишенишпейт, алар өздөрүнө гана көңүл бурушат жана өз бетинче болушат, өздөрүн анализдегенден жана сындагандан алыс, бирок ишенимдүүлүктү жана коркунучсуздукту эңсешет, күнөөлүүлөрдү жасап алууга ынтызар. Инсандын тажатма тиби, тескерисинче өз алдынча болуудан качат, дайыма өзүнүн каалоо жана муктаждыктарынан бошонуу көйгөйү менен алектенет, чоочун баалуулуктардын, көз караштардын жана түшүнүктөрдүн системасына катарлашууга жана ыңгайлашууга толугу менен аракет кылат.

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн негизинде төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарсак болот:

1. Эмне үчүн жеке инсандар «фундаменталдык» принциптерди жетекчиликке алуу менен террористтик аракеттерди ишке ашырууга даяр дегенди түшүндүрүүдө психологиялык принциптерге караганда социалдык-экономикалык себептер алгачкы баскычта болуп эсептелет.

2. Системдүү кризистин шарттарында фундаментализмдин идеялары «жанданышат», алар фундаменталисттик кыймылдардын жана топтордун активдешине алып келет.

3. Айрыкча алсыздарды, жакырларды жана жабыркагандарды фундаментализмдин ураанынын астына оңой эле чогултууга болот.

**Террористтик, экстремисттик жана радикалдуу диний фундаменталисттик ишмердүүлүктүн мотивациясы** – аттуу үчүнчү главанын экинчи бөлүгүндө мыйзамга каршы жүрүм-турум механизминин теориялык анализинде, социалдыктан индивидуалдуууга жана индивидуалдуудан социалдыкка өтүүчү татаал процесстерди ачыктоодо олуттуу мааниге ээ болгон мотивация процесси каралган.

Ишмердүүлүгүн багыттаган жана козгогон мотивдерди билбей туруп, терроризмдин, экстремизмдин жана диний фундаментализмдин себептерин тереңирээк териштирүүгө, аларды алдын алуу жана токтотуу боюнча эффективдүү чараларды иштеп чыгууга, экстремисттик жана террористтик ниеттерди алып жүргөн адамдын инсандыгына туура баа берүүгө жана түшүнүүгө, ага туура прфилактикалык таасир берүүгө мүмкүн эмес. Качан экстремисттик жана террористтик мотивдерди изилдөө жөнүндө сөз жүрүп жатканда, экстремисттер жана террористтер тарабынан алардын жарыяланган максаттарына караганда, алардын кылмыштуу жүрүм-турумунун субъективдүү маңызы көңүлгө алынат. Көпчүлүк учурларда бул максаттар, анын ичинде пайдакечтик максаттар зомбулуктуу эмес да ыкма менен ишке ашырылышы мүмкүн. Ошондуктан негизги суроо, эмнеге айрым жеке адамдар айтылган көйгөйлөрдү чечүүнүн мүмкүн болгон ыкмаларынан экстремизм жана террорду тандап алышат деген суроодон турат.

Өзүнүн элин же бүт адамзатты куткаруучу рецептке, жогорку чындыкка ээ болууга толук ишенгендик – «идеялык абсолютизм» негизги мотив болуп саналат. Ушундай эле менталдуулук саясий лидерлерге да, дин жайылтуучуларга да бир топ таандык, бирок «кандай гана болбосун абсолюттуу чындыкка дагы деле жете электерге аны жеткирүүгө же макул эместерди жок кылууга» кимде курч каaалоо пайда болсо, ошолор экстремизм жана терроризм жолуна түшүшөт. Идеялык абсолютизм ошентип экстремизмге жана анын четки формасы – терроризмге өсүп жетилет.

Айрым изилдөөчүлөр террористтик ишмердүүлүктүн мотивдеринин төмөнкү негизги топторун бөлүп алат:

1. Жеке-чарбачыл мотивдер.
2. Идеологиялык мотивдер.
3. Дүйнөнү активдүү өзгөртүү, кайра түзүү мотивдери.
4. Бийлик жүргүзүү мотиви.

5. Террористтик ишмердүүлүктү даңктоо мотиви.

6. Ар түрдүү варианттарда эмоционалдуу берилгендикте болуучу «жолдоштук» мотивдери.

7. Өзүн өзү ишке ашыруу мотиви.

8. Өзгөчө, «террористтик актынын психологиялык-патологиялык мотиви» – бул өзүнүн өлүмүн каалагандык.

Террористтер кандай гана максаттарды көздөбөсүн, алардын артында адамдарды, алардын сезимдерин жана санааларын башкарууга умтулгандык турат.

**«Террористтик, экстремисттик жана радикалдуу диний фундаменталисттик уюмдарга тиешеси бар инсандардын мүнөздөрүнүн өзгөчөлүктөрү»** аттуу үчүнчү бөлүгүндө азыркы кездеги террористтердин, экстремисттердин жана моджахед фундаменталисттердин психологиялык өзгөчөлүктөрү жана айырмачылык белгилери каралган.

Жаңы глобалдык моджахед-салафиттер террористтерден жана экстренмисттерден айырмаланышат, ошондуктан алардын өзгөчө белгилерин, жихадга жол алган моделдерин жана жүрүш-турушун тыкыр изилдөө зарыл.

Атап айтканда, алардын баары исламдын салафиттик багытын кабыл алышкан – мусулмандар. Эмне үчүн исламдын айрым адепттери терроризмдин жана экстремизмдин жолуна түшүшөөрүн аныктаган жалпы белгилерди табуу жолдорду үч негизги мамилеге бөлүүгө болот. Биринчи – бардык террористтердин жана экстремисттердин социалдык чыккан жери бир деген калыптанган пикир. Экинчиси, бардык террористтер жана экстремисттер бир психологиялык типке караштуу. Айрым адамдар жеке-тиричилик абалда жана психологиялык өзгөчөлүктө болгондугуна байланыштуу, алар экстремист жана террорист болуп калышат деген идеяга үчүнчү мамиле негизденет.

Террорист, экстремист жана диний фундаменталист болгон адам дайыма изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзүнө тарткан.

Террористтер, экстремисттер жана диний фундаменталисттер инсандын белгилүү бир тибине ээ экендигин көптөгөн социологиялык жана психологиялык изилдөөлөр тастыкташат.

Террористтердин ичинде укугу чектелген, алардын пикири боюнча, мыйзамсыз соттолгон адамдар да байыр алышкан, алар үчүн экстремизм жана терроризм системадан өч алуу болуп калат.

Башка орусиялык окумуштуу С.К.Рощин[155] «террористтин үч инсандык психологиялык моделин» сунуштайт.

Биринчиси – «психопат – фанатик». Анын аң-сезиминин чөйрөсү диний канондорго сугарылгандыгы менен аябай эле тарыган, анан психикалык-физикалык өзгөчөлүктөрү да ошол канондорго эле баш ийдирилген. Ошондуктан, ал чектен ашкан чараларга барууга жөндөмдүү, анын иши коом үчүн пайдалуу деген ишеним менен, ал бардык каалаган нерсесин кыла алат.

Экинчи модель – «көксөөсү суубаган адам» – көксөө суубагандык-агрессиянын бихевиористтик теориясында жайгашат, ага ылайык адам үчүн жашоодогу маанилүү муктаждыктардын тосуп коюлушу, агрессивдүү аракеттерге анын тенденциясын жаратат.

Үчүнчү модель – «кем үй-бүлөдөн чыккан адам». Ата-эненин балага карата катаал мамилеси, анын социалдык изоляциясы, мээримдүү мамилелердин жоктугу, анти-социалдык жагына ыктаган каардуу инсандын түзүлүүсүнө алып келиши мүмкүн. Ушундай анти-социалдыкка ыктаган адамдар оңой эле террористтик уюмдардын катарын толуктоочу база болуп калышат.

Субъективдүү түрдө бытыранды болгон психологиялык-социалдык окшоштук жалгыздык сыяктуу сезимде баштан өтөт. Өзүн жетишерлик бүтүн инсан катары сезүүгө жеке адамга берилген жалгыз мүмкүнчүлүк, топ менен карым-катнаш болгондуктан, аффилиацияга (топко таандыктык) болгон муктаждыкты жалгыздык сезими актуалдаштырат. Жаш адамдар жамаатта окшоштукту гана эмес, өздөрүнүн кыйынчылыктарынын түшүндүрмөсүн жана келечекке болгон үмүтүн да табышат. Бул негиз жеке мүнөздү алып жүрөт жана субъекттин социалдашуу өзгөчөлүктөрүндө тамырлайт. Экстремист жана террористтердин көпчүлүгүн түзгөн жаш адамдар үчүн топко кирүү, көксөөсү суубагандыкты жана жатыркагандыкты жеңүү мүмкүнчүлүгүн берет. Коомдо өзүнүн ордун таба албай койгон жалгыз, жатыркаган бул адамдар үчүн, террористтик топ аларга үй-бүлө болуп калат, мурда аларда эч качан үй-бүлө болгон эмес.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен, социалдык-экономикалык жана саясий конфликттердин өсүшү, ошондой эле аларды жөнгө салууга чаралардын көрүлбөгөнү диний радикализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин жайылуусунун шарттары болуп саналат. Жана ушунун баары социалдык топторго бөлүнүүнүн күчөшүнүн, коомдун радикалдашуусунун жана дүйнө жүзүндө террористтик көрүнүштөрдүн өсүшүнүн фонунда болуп жатат.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасындагы террористтик коркунучтарды детерминациялаган мындай факторлорго төмөнкү жагдайлар кире тургандыгын бөлүп айтса болот:

– республикадагы социалдык-экономикалык көйгөйлөр;

– диний, экстремисттик жана террористтик уюмдардын бузукулук иш-аракеттери;

– улутчулдук жана динге жамынган экстремисттик идеология (салафизм, жихадизм, ваххабизм);

– курал-жарак, ок дары, жардыруучу заттарды жана баңгизатты мыйзамсыз жүгүртүү.

Айрым изилдөөчүлөр менен эксперттер терроризмдин, экстремизмдин социалдык-психологиялык гана эмес, индивидуалдык-психологиялык дагы себептерине көңүл бурушат. Өзүн өзү аныктоо мотивациясы, бул исламды каапырлардан коргоо идеясына кызмат кылуу, айланадагыларга жана «бөлөктөргө» толеранттуулуктун жоктугу. Өзүнчө адамдардын террористтик жүрүш-турушуна болгон таасирлердин психологиялык өзгөчөлүктөрүн жокко чыгарбай туруп, терроризмдин негизги себептери психологияда эмес, саясий, экономикалык, социалдык, этникалар аралык жана диний мамилелеринин чөйрөсүндө жаткандыгын белгилеп кетүү керек.

Социалдык-экономикалык, саясий себептер жана биринчи кезекте, башка себеп жана жагдайлардын жыйындысындагы социалдык акыйкатсыздык, терроризмдин, экстремизмдин жана диний фундаментализмдин негизги детерминанттары болуп келген жана болуп кала берет.

**«Терроризм, экстремизм жана радикалдуу диний фундаментализм менен күрөшүүнүн жана аларга каршы аракеттердин укуктук негиздери»** деген төртүнчү глава эки бөлүктөн турат. Анын биринчи **«Экстремизм, терроризм, жана радикалдуу диний фундаментализм – азыркы замандагы саясый зомбулуктун негизи катары»** аттуу аталыштагы бөлүгүндө төмөнкүдөй белгиленген, дин – бул коомдогу биримдикти жана бүтүндүктү камсыз кыла алган топтук окшоштуктун эң негизги булактарынын бири болуп саналат. Диний мотивация байыркы мезгилдегидей эле азыркы глобализация доорунда да дүйнөдөгү саясий зомбулуктун себеби жана негизи болуп саналат.

Диний негиздер жана себептер менен түшүндүрүлгөн терроризм зомбулуктун каардуу массалык жана амалдуу акцияларына алып келген, анын жүрүшүндө көп сандагы адамдар жабыр тартышат.

Дүйнөдө исламизмдин өсүшүнүн себептери болуп төмөнкүлөр саналат:

1. «Цивилизациялар кагылышы» деп аталган теориянын жайылтылышы.

2. Ислам мамлекеттерине каршы Батыштын ойлонулбаган жана таразаланбаган саясаты.

Үчүнчү миң жылдыктын башында укмуштуудай жана таң калаарлык өзгөчөлүктөр болуп жаткандыгын фактылар көрсөтүүдө. Саясий көз караш менен караганда Борбордук Азиянын Фергана өрөөнүндө болуп жаткан окуялар Батыштагы жана Жакынкы Чыгыштагы окуялар менен түздөн түз байланышы бар. Дал эле ошол сыңары Батыштагы же Жакынкы Чыгыштагы окуялар түздөн түз Фергана өрөөнүнүн тургундарына да таасир берет.

Бул сыпаттама цивилизациялар кагылышы деп аталып калды.

Цивилизациялар кагылышынын концепциясынын[165,б.139]. негизинде Батыш менен Чыгыштын кагылышына жол бербеш үчүн бөтөн цивилизациянын өкүлдөрүн бизнес, экономика жана чыгармачылык боюнча өнөктөш кылуу зарыл. Мына азыр диалогго барууга даярдыктар көрүлүүгө тийиш, ар кандай конфессия жана этностордун адамдарын бириктирген жалпы бир маңызды табуу кажет.

Дүйнө, тандоо эркиндигине жана инсандын укугуна басым жасаган батыш менен – коомдук милдеттерди жогору койгон чыгыштын ортосунда; автономияга умтулган батыш менен – коомдук тартипке умтулган чыгыштын ортосунда; утопизм жана улуу идеологиялардын баш тарткан батыш менен – чыгыштын болот жана болбойт деген кеңири мүнөздөмөсүнүн ортосунда; батыштын динден тышкарылыгы менен – айрым чыгыш системаларынын адеп-ахлактык ишениминин ортосунда жаңы синтезге карай жылууда.

Эгерде Чыгыштын катаал кодекси кыйраса, анын ордуна башка коомдук тартиптин негизи келээрин Афганистандагы, Ирактагы, Сириядагы, Ливиядагы окуялар көрсөттү. Чыгыш жыйындысындагы ачык көрүнгөн ишенимдерден жана режимдерден кутулууну чечишкен, жана жаңы идеалдарды түзбөстөн индивидуализмге карай чукул багыт алышкан коомдор антисоциалдык жүрүм-турумдун жалыны менен кармашууга мажбур болушат. Бул өлкөлөрдө адамдардын өлтүрүлүшүн, терроризмдин өсүшүн, криминогендик абалдын көбөйүшүн, баңги заттардын колдонулушун, экномиканын кыйрашын жана мамлекеттин талкаланышын байкоого болот. Айрым учурларда башаламандык жана тартипсиздик ушунчалык жогору болгондуктан, адамдар мейли авторитардык режим болсо да өткөн жашоого кайтууну каалашат.

Азыркы дүйнөнүн туруксуздугуна кез келүү менен, үчүнчү миң жылдыктын босогосун аттаган биздин дүйнө ушунчалык өзгөргөндүгүнө макул болбой коюуга болбойт, арийне жакында эле мыкты иштеп жаткан эл аралык карым-катнаш механизмдери эффективсиз гана болбостон кээ бир учурларда жемишсиз да болуп калды. Адамзат системдүү кризиске дуушар болду. Дал ушул системдүү кризис ылдамдыгын көбөйтө баштайт жана тамырын жайуу менен адамзатка таасирин тийгизбей койбойт.

Дүйнөнүн бардык мамлекеттери менен элдеринин күч-кубатын бириктирүүдө интеграциялык күч төмөнкү принциптердин негизинде ишке ашырылышы керек:

1) **«Көп жактуулуктагы биримдик» принциби.** Адамзат дүйнөсүн ар түрдүү жана ошол эле учурда бирдиктүү катары таануу бул принциптин өзөгү болуп саналат.

2) **Тең укуктуулук принциби.** Цивилизациялардын сүйлөшүүлөрүндө мамлекеттер бүт бардыгы тең укукта экендигин негиз кылуулары керек. Бул жерде күчтүүлөр жана алсыздар, алдыңкылар жана артта калгандар, байыркылар жана жаңылар деген бөлүнүүлөр болушу мүмкүн эмес.

3) **Өз ара сый-урмат принциби.** Цивилизациялар жана маданияттар бири биринен душманды, каршылашты эмес, ырайымдуу жана конструктивдүү өнөктөштөрдү көрүүлөрү зарыл.

4) **Бири бирине көз карандылык жана өз ара байланыш принциби**. Учкан куштай өтүп жаткан убакыт адамзат алдына таштаган глобалдык чакырыктарды жалгыз же өзүнчө топ менен чече алган бир дагы мамлекет жана эл жок. Жылдан жылга дүйнөнүн жаңы аймактарын жана адамзат ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүн кучагына алган саясий, социалдык, экономикалык, экологиялык, маданий-гуманитардык көйгөйлөрдүн кескин түрдө чечилишин дүйнө элдеринин мамлекеттеринин конструктивдүү кызматташтыгында гана көрүүгө болот.

Андагы жашаган элдердин маданиятынын ар түрдүүлүгү менен айырмаланган Евразияны сүйлөшүү жүргүзүүчү жер катарында тандап алуу зарыл. Мааниси боюнча ал маданий ар түрдүүлүктүн каймагы болуп саналат. Евразия континетинин борбордук чекитинде жашаган элдер жалпы евразиялык менталитетке ээ экендиги бул уникалдуу иш-чаранын башкы божомолу деп эсептесе болот. Евразия мейкиндигинде биздин ата-бабалар кылымдардан бери тыгыз карым катнашта болуп келишкен, бул катнаштар руханий дүйнөдө, тиричиликте, социалдык баалуулуктарда өзүнүн изин калтырган. Бүгүнкү күнү бул жакшы жышаандуу менталдыкты сактоо жана күчөтүү үчүн, азыркы кездеги экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализм чакырыктарынын жана коркунучтарынын көйгөйлөрүн кескин түрдө чечүү үчүн Евразия аймагында сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнүн мааниси чоң.

Акыркы төртүнчү главанын «**Терроризмге, экстремизмге жана радикалдуу диний фундаментализмге каршы исламдык укуктук маданият»** деген аталыштагы экинчи бөлүгүндө исламдын постулаттары терроризмге жана экстремизмге канчалык деңгээлде каршы жана ал

көрүнүшкө жол бербестиги изилденет.

«Адамдын негизги укуктарын алгач ислам тааныгандыгын, жана ал Адам Укуктарынын Жалпы Декларациясына жакында гана киргизилген кепилдиктерди дээрлик 14 кылым мурда бекиткенин»[198,с.21] Ислам юристтеринин эл аралык жолугушуусунда анын катышуучулар тастыкташкан. Адам укуктары жана эркиндиктери табыйгатка таандык эместигин жана алар Жаратკандын белеги экендигин билдиришкен.

Адамзат тарыхында жаңы миң жылдыктын башталышы жашоонун ар кандай чөйрөсүнүн бир убакта болгон чечкиндүү өзгөрүүлөрү менен мүнөздөлөт. Бул өзгөрүүлөр адамзаттын көп бөлүгүнүн салттуу жашоо образынын негиздерине тийбей койбойт. Адамзат «келечек менен беттешүүдөгү шок» дегендин биринчи этабы менен гана кездешти деп айууга болот. Бул жерде адамзат табиятындагы маанилүү өзгөрүүлөр менен аяктай турган кайсы-бир өзгөрүү моменти жөнүндө сөз болууда.

«Келечек менен беттешүүдөгү шок» радикалдуу диний фундаментализмдин, экстремизмдин жана терроризмдин жаралышынан баштап, – абийир, ар-намыс, ынтымак, өз ара жардам, кадыр-барк сыяктуу салттуу түшүнүктөрдүн жок болуусуна чейин моралдык талкаланууда пайда болгон. Материалдык байлыктын пайдасына материалдык прогресс менен маданий–нравалык прогресстин ортосундагы ажырым кеңейүүдө, бул жаңы чакырыктардын жана коркунучтардын себептери болуп саналууда. Жаңы коркунучтар болуп төмөнкүлөр саналат – күч укугу жана алсыз укук деп аталган принциптер өкүм сүргөн «күңүрт аймактардын» пайда болушу, жана ошондой эле бул «күңүрт аймактарда» «ислам батальондору», «каршылык батальондору» ж. б. аттуу куралданган террористтик жана экстремисттик отряддардын түзүлүшү жана алардын аракети.

Жогоруда аталган азыркы чакырыктар менен коркунучтарга каршы туруууну жана каршы аракетти уюштурууда жалган демократиялык түстөгү полициялык мамлекетти түзүүгө жол бербеш керек. Көпчүлүк акцент коомдогу адамдардын жарандык жана моралдык сапаттарды түзүү үчүн жасалууга тийиш. Материалдык-экономикалык чөйрөдө жаралган учурдагы көйгөйлөрдү чечүү үчүн түшүнүктөрдү жана көз караштарды этизациялоо керектигин эске алуу керек.

Мына ошентип, мамлекет жана коом критикалык кургуйга кирип кетпеш үчүн саясий жана мамлекеттик, анын ичинде эл аралык институттардын дагы реформаларын иштеп чыгып, жүзөгө ашыруу зарыл.

Азыркы дүйнө жүзүндө болуп жаткандарды бирдейлик кризиси деп атоого болот. Адамдар тарабынан салттуу багыттардын жана баалуулуктардын жоготулушу бул кризистин себеби болуп саналат, бул

адамдарда ишенимсиздикти жана өзүн урматтабай калуусун жаратат, алар куткарууну динден, өзгөчө бурмаланган жана суррогаттуу агымдардан издей башташат. Диндер аралык жана этностор аралык карама-каршылыктар күчөйт, улутчулдук жана трайбализм жанданат, анан ушунун баары биздин доордогу глобализация процессине карата жооп болуп саналат. Фундаменталисттик аң-сезимдин пайда болушу жалпы дүйнөлүк мүнөздү алып жүрөт. Жана ушул кырдаалда цивилизациялуу коом жана мамлекет адамдардын жашоосунун маңызында муктаждыкка ээ болуу жана аны сезүүгө жол берген абалды түзүү боюнча чараларды кабыл алуу керек.

Өзүнүн диний окуусунда ислам глобализация тууралуу билдирет, ал эми шииттердин ишениминде болсо, убагы келгенде Махдинин дүйнөлүк башкаруусу орнойт деген ишеним камтылган.

Ислам элдердин жана өлкөлөрдүн ортосундагы айырмачылык белгилебейт. Алгач бардык элдер бир бүтүндүктү түзүшкөн жана акыры ушундай биримдикке келишет. Курандын аяттарынын биринде мындайча айтылат:

«Эй адамдар! Биз силерди эркек – ургаачыдан жараттык.
Ошондой эле бири бириңерди таанып-билишиңер үчүн
урууларга жана элдерге бөлүп койдук»

Башка аятты окуйбуз:

«Аллах силердин араңардан ыйман келтирип,
жакшы иш жасагандарга,
өздөрүнөн мурунку элди орунбасар кылгандай эле
жер жүзүндө силерди да
(Өзүнө) орунбасар кылууну убада кылды.
Ошентип, алар үчүн
Өзү ыраазы болгон динин бекем орнотуп,
аларга коркунучтан кийин бейпилдикти алмаштырып берди…»

Курандын дагы бир аятында мындай деп айтылат:

«Тоораттан (Мусага түшүрүлгөн китеп) соң
Забурда (Даудга түшүрүлгөн китеп):
«Жакшы пенделерим жерге мураскор болушат», - деп жаздык.»

Ислам дүйнөлүк уюмга ишенээрин жана Кудай акыр аягында жерди башкарууну Өзүнүн татыктуу пенделерине өткөрүп берээрин бул аяттардын жыйындысы көрсөтүп турат. Бул аяттардагы Кудайдын татыктуу пенделери жана ишенүүчүлөр тууралуу мусулмандар жөнүндө гана эмес, жалпы планда айтылганын белгилейбиз. Мына ошентип, биримдикке жана татыктуу иштерди жасоо милдетине болгон ишеним дүйнөлүк Кудайдын башкаруусунун негизин түзөт.

Глобализация жана дүйнөлүк биримдик уюм түзүү пайгамбарлардын максаттарынын бири болсо дагы, алар экстремизм жана терроризм аркылуу болгон зомбулукту, киши өлтүрүүнү эмес, Кудайдан түшкөн баалуулуктар, руханият, диний мыйзамдар жана акыйкаттык башкарган диний коомду көңүлгө алышкандыгын жогоруда айтылгандар тастыктап турат.

Максаттуу долбоордун мүнөзүн алып жүргөн глобализациянын бир бөлүгүнө карата мамилелерди талкуулоо глобализация доорунда диндер ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн башка темасы болуп саналат. Бул жерде диний-улуттук баалуулуктарга каршы маданий агрессия жөнүндө сөз болууда. Глобализациянын таасирин азайтуу үчүн глобализациянын ушул жагына карата өздөрүнүн мамилесин Кудайдан түшкөн диндер макулдашууга барышса болмок.

Азыркы кездеги дүйнөдө Кудайдан түшкөн диндердин лидерлеринин ортосундагы сүйлөшүүдө чоң муктаждык бар болгондугун белгилеп кетүүгө болот. Аталган диндерге, өзгөчө ислам динине исламдык укуктук маданият экстремизмге, терроризмге жана радикалдуу диний фундаментализмге каршы тураарын, аларды айыптаарын дүйнө коомчулугуна жеткирип жарыялашына жол берет. Мусулмандар тарабынан жаңы дүйнөлүк көрүнүштөргө эки мамиле бар. Биринчи мамиленин өкүлдөрү тынчтыкты орнотуудагы жана элдердин ортосунда өз ара түшүнүшүүдөгү ислам дининин ролун тоготпой коюу менен, чын жүрөктөрү менен модернизмди жана глобализацияны кабыл алышкан. Экинчи четки агым, тескерисинче, ислам дининин позициясында кээде экстремизм, терроризм жана радикалдуу диний фундаментализм зомбулугуна чейин баруу менен бул процесстеги бардык көрүнүштөргө кескин түрдө каршы чыгат.

Исламдын чыныгы руханий лидерлеринин унчукпастыгы исламисттер тарабынан болгон бир жактуу жана ашкерек радикалдуу түшүнүктөр менен аракеттерге жол ачат. Азыркы биздин мезгилде диндер ортосундагы сүйлөшүүлөр аркылуу тынчтык жана бүткүл дүйнөлүк өз ара түшүнүшүүнү орнотуу жаатында динге кайтуу жана анын ролун жаңыртуу зарыл маселе болууда. Оздукталбаган жана көзөмөлдөнбөгөн глобализацияга, ошондой эле экстремизмди, терроризмди жана радикалдуу диний фундаментализмди жараткан радикалдуу көз караштарга сүйлөшүү жолдору гана каршылык көрсөтө алат.

Ошол эле учурда, модернизациянын айрым жактоочулары ислам динин бардык чыр-чатактардын себепкери катары карап жатканда, радикалдуу диний фундаменталисттер, экстремисттер жана террористтер глобализациянын процесстерине жана натыйжаларына болгон ачуусу менен адам өлтүрүүгө, коркутууга, зомбулукка барышууда. Исламда камтылган

сабырдуулук, тынчтык орнотууга болгон умтулуу идеяларынын негизинде исламдын руханий лидерлери Жер шарында тынчтык жана ынтымакты орнотуудагы аракеттерге колдоо көрсөтүшсө болмок. Мына ошентип, диндин ичиндеги да, диндин сыртындагы да позицияларда диндердин ортосунда сүйлөшүү жүргүзүү азыркы учурдун талабы.

Мындай сүйлөшүүлөр, бир жагынан диндердин, глобализациянын жана диний баалуулуктарды сактоо ортосундагы катыштарды ачыкка чыгарууга көмөк көрсөтөт. Экинчи жагынан, сүйлөшүүлөр планетабызда тынчтык орнотууда жана чыңалууларды жок кылууда диндин ролу жөнүндө, жана да Ыбырайым (Авраам) диндеринин бири дагы, өзгөчө ислам дини экстремизмди, терроризмди жана радикалдуу диний фундаментализмди колдобой тургандыгы тууралуу эске салып турат.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси

6. Малашенко А., Тренин Д. Время Юга: Россия в Чечне, Чечня в России. М.: Гендальф, 2002. б.69.
7. Алексеев И.Л. Исламский фундаментализм // Религиоведение / Энциклопедический словарь. М.: 2006. б.41.
10. Алексеев И.Л. Исламский фундаментализм. М.: 2006. б.53
30. Кепель Ж. Джихад. Экспансия и закат исламизма. М.: 2004. б.19.
86. Соловей В.Д. Русская история: новое прочтение. М., 2005. б.43.
91. Журнал. Национальная безопасность и геополитика. 2007. №2.
155. Рощин С.К. Психология террористов и серийных убийц: хрестоматия. – Минск: Харвест, 2004.
165. Хантингтон С. Столкновение цивилизаций. М., 2003. б.139
198. Игнатьев А.А. Ислам и политика. М.: 2004. б.21.